БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# "Таш-Көмүр аймактык колледжи" мекемесинин 030503 "Укук таануу" орто кесиптик билим берүү программасын аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу

**Төрага:** колу Парайдин уулу Шайлообек
ОшМУ, юридика факультети, "Жарандык укук жана процесс" кафедрасынын башчысы, ю.и.к., доцент.

**Комиссия мүчөлөрү:**

колу Шералиева Асель Ибраимовна
Б.Сыдыков атындагы КӨЭАУ, STEM колдонмо кесиптер колледжи, "Экономикалык жана укуктук дисциплиналар" циклинин укуктук жана юридикалык дисциплиналар боюнча окутуучусу.

колу Жусупбекова Бурул Жусупбековна
Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Экономика жана укук колледжи, "Укук таануу" предметтик-циклдик комиссиясынын окутуучусу.

**Референт:** колу Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, орто кесиптик билим берүү боюнча менеджер.

**16.12.2025 ж. - 17.12.2025 ж.**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)**

**“Таш-Көмүр аймактык колледжи” мекемесинин**

**030503 «Укук таануу» орто кесиптик билим берүү программасын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. 030503 «Укук таануу» программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасында мамлекеттик стандарттан тышкары, ТАКтын миссиясына дал келген, так аныкталган, кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен түзүлгөн максаттары жана кошумча кесиптик компетенциялары, күтүлүүчү натыйжалары толук иштелип чыга элек.
2. Окуу планындагы атайын кесиптик дисциплиналарда өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн иш берүүчүлөрдүн сунуштамалары каралган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин 030503 «Укук таануу» программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын кайра карап чыгуу сунушталат. Анын алкагында мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын сактоо менен катар, ТАКтын миссиясына шайкеш келген, кызыкдар тараптардын суроо-талаптарын эске алуу менен так максаттарды аныктоо жана кошумча кесиптик компетенцияларды жана күтүлүүчү натыйжаларын толук иштеп чыгуу зарыл.
2. Окуу планына кирген атайын кесиптик дисциплиналарды кайра карап чыгууда иш берүүчүлөр менен системалуу иш алып баруу сунушталат. Бул максатта иш берүүчүлөрдүн сунуштамаларын тегерек стол, сурамжылоолор, ж.б аркылуу чогултуу, талдоо жана аларды окуу планын жаңылоодо колдонуу сунушталат

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.

**2 - Стандарт аткарылып жатат**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк толук кандуу уюштурулган эмес.
2. Окуу планынын вариативдик бөлүгүндө студенттердин тандоо курсу каралган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин окуу планынын вариативдик бөлүгүндө студенттердин тандоо курсу педагогикалык кеңеште каралып, аткарууга алынсын.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Алсыз жактары:**

1. Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү жетишээрлик деңгээлде эмес.
2. “Укук таануу” адистигинде кесиптик штаттык окутуучулар менен аз камсыз болушу.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүн жана тажрыйба алмашуусун камсыз кылуу максатында академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашырууну активдештирүүнү сунуштайт.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин “Укук таануу” адистигинде кесиптик штаттык окутуучулардын санын лицензиялык талаптарга дал келүүсүн камсыз кылсын.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Алсыз жактары:**

1. Укук таануу программасы боюнча адистештирилген (сот отурумдар залы, жарандык укук жана процесс, кылмыш-жаза укугу жана процесс) кааналар толук түзүлгөн эмес.
2. ТОКТОМ укуктук -маалыматтык системасы киргизилген эмес.
3. Укук таануу адистиги боюнча окуу усулдук колдонмолору толук кандуу иштелип чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин Укук таануу программасы боюнча тиешелүү адистештирилген (сот отурумдар залы, жарандык укук жана процесс, кылмыш-жаза укугу жана процесс) кааналар түзүлсүн.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин ТОКТОМ укуктук- маалыматтык системасы ишке киргизилсин.
3. 2026-жылдын 1-сентябрына Укук таануу адистиги боюнча окуу усулдук колдонмолорду иштеп чыгуу пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
4. Укук таануу адистиги боюнча кошумча социалдык билим берүүчү программаларды түзүү сунушталат. Мисалы: укуктук клуб, ийрим ж.б.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**“Таш-Көмүр аймактык колледжи” мекемесинин 030503 «Укук таануу» орто кесиптик билим берүү программасын 5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**17.12.2025 ж.**